# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЭЛ АРАЛЫК МЕДИЦИНА ФАКУЛЬТЕТИ**

**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын**
**2018-жылдын январь айында аткарылган иш-чаралардын**

# ОТЧЕТУ




**Ош – 2018**

**2018-жылдын январь айында ЭМФтин социалдык-гуманитардык кафедрасынын көз карандысыз аккредитацияга даярдануунун алкагында жүргүзүлгөн иш-чаралардын отчету**

1. **Факультеттердин маалыматтык каталогун (пакетин), паспортун сайтка жайгаштыруу**

2018-жылдын январь айында кафедранын окутуучулары факультеттин окуу план, расписание боюнча сабактарды өтүштү, ошентсе да бекитилген планга ылайык кафедрада маалыматтык пакет түзүлдү жана аны сайтка жайгаштыруу үчүн 3 тилде даярдалды. Ошону менен бирге кафедранын паспорту сайтка 3 тилде жайгаштырылды.

Кафедранын окутуучуларынын жардамы менен ЭМФтин маалымат буклети англис тилинде даярдалды.

2. **Кафедрада окутулуп жаткан программалардын ОМКларын окутуунун максаты жана күтүлүүчү натыйжаларга багыттап түзүлүүсүн анализдөө, компетенциялардын матрицасын анализдөө**

Негизги билим берүү программасына ылайык кафедрада окутулган дисциплиналардын программалары №19 бюллетендин негизинде түзүлүп, бекиттирилди. Предметтер боюнча ОМКлар даярдалган: кыргыз тили практикалык курсу, орус тили, англис тили, латын тили, философия жана башка дисциплиналар дарыгердин ишмердүүлүгүнүн юридикалык негиздери, педагогика –психология жана манас таануу боюнча толукталууда. Окутуунун максаты жана күтүлүүчү натыйжаларга багытталып түзүү иш аракеттерине анализ жүргүзүлдү. Кафедрада окутулган дисциплиналардын компетенцияларынын матрицасы түзүлдү.

3. **Дисциплиналар боюнча китептердин электрондук варианттарын AVNге жайгаштыруу/электрондук окуулуктар**

Предметтер боюнча электрондук китеп фондун жандандыруу иштеринин натыйжасында окутуучулар англис тили, философия (AVNге жайгаштырылды **http://avnweb.oshsu.kg:8080/index.aspx),** кыргыз тили, философия, латын тили жана дарыгердин ишмердүүлүгүндөгү юридикалык негиздер дисциплиналары электрондук окуулуктарды AVNге жайгаштырууга даярдалды.

Ал эми орус тилинин улук окутуучусу Жусубалиева М. Чет элдик студенттер учун каралган усулдук колдонмосун басып чыгарууга даярдалды.

4. **Текшерүүнүн бардык формалары үчүн тапшырмалардын банкынын түзүлүшүн (.doc-файлын) анализдөө, tf-файлын AVNге жайгаштыруу;**

Текшерүүнүн бардык формалары үчүн предметтер боюнча тапшырмалардын банкынын түзүлүшү анализделип, AVNге жайгаштырылды.

5. **Кафедранын дисциплиналарынын каталогун түзүү**

Дисциплиналардын каталогу 3 тилде түзүлүп, сайтка жайгаштырууга даярдалды.

6. **ОшМУ тарабынан уюштурулган семинарларга, курстарга катышуу**

Окутуучулар Жусубалиева М. жана Салиева Д. "Педагогика жана психология предмети боюнча билимин өркүндөтүү" курсуна катышып жатышат. http://www.oshsu.kg/resurs/images/original/JPG-20180130095206-usekov85.jpg)

- 16.01-20.01 чейинОшМУнун окутуучулары жана кызматкерлери үчүн "ОшМУнун санариптик билим берүү чөйрөсүн колдонуу менен сапаттуу билим алуу жана билим берүүнү уюштуруу" деген темага тренинг-семинарларга Салиева Д.А., Исмаилов Д. катышып келишип, окутуучуларга ОшМУнун учурдагы маалыматтык-коммуникациялык инфраструктурасы жана жаңы мүмкүнчүлүктөр(Интернет булуттук технология, корпаративдик почта, кампустук карта), электрондук китепкана, антиплагиат, элекетрондук окулуктарды түзүү, AVN ИСтин программасы жөнүндө, портал, KelBil

ж.б., сапаттуу тест суроолорун түзүп, AVNге киргизүү эрежелери жана анын мүмкүнчүлүктөрү тууралуу кенен маалымат беришти. (http://www.oshsu.kg/resurs/images/original/JPG-20180126104803-usekov85.jpg; http://www.oshsu.kg/resurs/images/original/JPG-20180126104732-usekov85.jpg

**7. 2- жана 3-курстар үчүн жарым жылдык отчет тапшыруу**

Педагогика жана психология, философия дисциплиналары боюнча жарым жылдык отчетун кафедранын окутуучулары Ысмаилова Р.А., Абдылдаев Ж.А., Абдикаримова М.К., Белекова К.К., Салиева Д.А тапшырышты.

**8. Баалоо каражаттарынын фонду боюнча семинар уюштуруу**

19-январь күнү кафедрада усулдук кеңештин жетекчиси, улук окутуучу Маматова А.Б. жана предметтик секция башчылары "Баалоо каражаттарынын фонду" боюнча семинар уюштурушуп өз алдынча кызуу талкуулоо болду. Жыйынтыгында баалоо формасы кафедрадагы бардык предметтер үчүн бирдей "баллдык" (1-5) системада болуусу жактырылды. Улук окутуучу Дыйканбаева Р.Б. латын тили предметинен студенттердин билимин баалоо боюнча түзгөн Record List үлгү катары өндүрүштө колдонууга сунушталды.

**9. Илимий-изилдөө иштери**

Кафедранын окутуучулары аспирантура жана магистратура бөлүмдөрүндө окуп жатышат. Алардын экөө аспиранттар Кенжебайова А.Б. "Жогорку окуу жайларында акындар поэзиясын этнопедогогикалык негизде өркүндөтүү", Иманкулова Т.Ж. "Кыргыз, орус, англис тилиндеги медициналык терминологиясынын фонетика жана грамматикасын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөр" жана магистрант Салиева Д.А. "Жаштар арасындагы сленгдин заманбап англис тилинин лексикалык жана семантикалык өзгөчөлүктөрү" деген темаларда макала жазуу үстүндө иштеп жатышат.

Эрасмус плюс программасынын алкагында медицина факультетинин өзгөчөлүктөрүн эске алып проекттерди иштеп чыгуу боюнча 10-11-январда эки күндүк семинарга кафедра башчы Ысмаилова Р.А. катышып келди (http://iro.oshsu.kg/en/news/174).

**10. Тарбиялык иштер**

«Окутуучулардын жана студенттердин этикалык кодекси» (ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитилген) англис тилине которулду жана кафедранын окутуучулары ал материалдарын кураторлук сааттардын иш пландарына киргизишти. http://www.oshsu.kg/news/new/?lg=1&id_parent=3528&id2=7170&list=1

Кодекстин негизинде студенттер үчүн коомдук жерде өзүн алып жүрүү боюнча баракчалар даярдалып, кураторлук сааттарда талкууланды жана аудиторияларга илинди (Тиркеме №1).

Студенттерди тарбиялоо, көзөмөлдөө максатында окутуучуларыбыз жатаканаларга кезметке туруп, жума сайын барып кабар алышат жана тазалык, маданият, ден соолук, кийинүү маданияты деген түрдүү темаларга маектешип келишет. Январь ичи коюлган график төмөндөгүчө:

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мухтарова Наргул<br>Маматова Алтынкыз | Бейшемби | Жатаканада кантип гигиенаны сактоо керек | 04.01.18 |
| 2 | Джеенбаева Космира<br>Жусубалиева Маалинбү | Жума | Маданият деген эмне? | 12.01.18 |
| 3 | Салиева Динара<br>Гаипова Анара | Ишемби | Кийинүү маданияты. | 20.01.18 |
| 4 | Иманкулова Толгонай<br>Дыйканбаева Рита | Дүйшөмбү | Жатаканада жана коомдук жайларда тартипти сактоо | 22.01.18 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | эрежелери. | |
| 5 | Кочконбаева Сонайым Арзыматова Жамиля | Шейшемби | Грипптен кантип сактануу керек | 30.01.18 |

Январь айына коюлган жолугушуунун жыйынтыгын фото сюжет менен кошо кыскача отчету факультеттин сайтына жайгаштырылган, ал эми студенттердин сунуштарын же көйгөйлөрүн тиешелүү жерге билдирип, жатакана журналына маалымат түшүрүлгөн.

**SWOT анализ**

| **S-артыкчылык жактары** (потенциалдык-позитивдик ички факторлор) | **W-алсыз жактары** |
|---|---|
| 1. Маалымат пакети толугу менен түзүлүп, даярдалды.<br>2. Баалоо каражаттарынын фонду боюнча бардык дисциплиналар боюнча кафедрада «баллдык» система бекитилди.<br>3.Негизги дисциплиналардан электрондук окуулуктар AVN системасына жайгаштырылып, натыйжада окутуучулар эле эмес студенттерге да аларды пайдалануу мүмкүн болду. (М: №3 караныз)<br>4. Кафедранын ПО курамдын басымдуу бөлүгү билимин өркүндөтүүчү курстардан өтүштү.<br>5. Учурдук, аралык суроолор жана тест материалдары өз убагында түзүлүп бекитилди жана tf-форматына киргизилди.<br>6.Жумушчу программалар талапка ылайык жасалып сайтка жайгаштырылып жатат | Тренинг, семинарларлар уюштурулган мезгилде 1-курстар учун окуу процесси кечирек аяктагандыгына байланыштуу окутуучуларыбыздын катышуусу маселе жаратты. Же тескерисинче, катышкан учурларда сабак менен семинарларга, билимин өркүндөтүүгө басым жасалып ОМКтүзүүдө убакыттын тардыгы. |
| **О-Потенциалдык мүмкүнчүлүктөр** | **Т-Сырткы потенциалдык коркунучтар** |
| 1.НББПнын келерки окуу жылда социалдык – гуманитардык кафедрасынын дисциплиналарынын өзгөчөлүктөрүн да эске алуу мүмкүнчүлүгү (№2 караныз).<br>2.Жаш окутуучуларыбыз түрдүү семинарларга катышып жаны маалымат алып, аларды колдоно билүүсү.<br>3.Магистранттардын жана аспиранттардын илимий изилдөө иштерин жүргүзүү менен бирге макалаларды жазуусу. | 1.Убакыттын тардыгы (биздин кафедранын окуу процесинин өзгөчөлүгү: 1-курстун сабактар улантылды) окутуучуларыбыздын сабактарын үзгүлтүккө учуратпоо максатында семинарларга катышуу мүмкүнчүлүгү болгон жок.<br>2.Жаш мугалимдердин акча каражатынын жетишсиздиги. М: Мазитов Р. жана Таирбек у. Эрлан “Педагогика жана психология предмети боюнча билимин өркүндөтүү” курсуна катыша алышкан жок.(жаш окутуучулар үчүн атайын акысыз курстар) |

Кафедра башчы, доц: Ысмаилова Р.А.